# Бүгүн биздин райондо Чүй облусунун 90 жылдыгы белгиленет

# Сегодня в нашем районе отмечается 90-летие Чуйской области!

## Сокулук жергесине кош келиңиздер!

Урматтуу сокулуктуктар жана райондун меймандары!

Бүгүн биздин районубуздун Күнтуу айыл аймагында Чүй облусунун 90 жылдыгына арналган майрамдык иш чаралар өткөрүлөт. Биз бул салтанаттын облустагы эң чоң болгон жана жылдан-жылга социалдык-экономикалык, маданий жактан өнүгүп бараткан биздин райондо өткөрүлүп жатканы менен терең сыймыктанабыз.

Өлкөбүздө өндүрүлгөн айыл чарба жана өнөр жай продукцияларынын дээрлик 40 пайызы Чүй облусуна тиешелүү жана бул ийгиликтерди жаратууда сокулуктуктардын үлүшү чоң. Сокулуктуктар согуш жылдарында Ата Мекенди коргоодо да зор эрдиктерди көрсөтүшкөн. Биздин райондон Дүйшөнкул Шопоков баш болгон Советтер Союзунун беш Баатыры, Социалисттик Эмгектин жыйырма бир Баатыры чыккан. Бүт союзга белгилүү Социалисттик Эмгектин эки жолку Баатыры Зууракан Кайназарова, Социалисттик Эмгектин Баатыры Керимбүбү Шопокова ж.б.у.с. эмгек азаматтары сокулуктуктардын баатырдыгы менен каармандыгынын жаркын үлгүсү.

Районубуздун жашоочуларынын учурдагы мууну ата-бабаларыбыздын даңктуу салтын улап ишкердик, айыл чарба, билим берүү, маданият, искусство ж.б. тармактарда үзүрлүү эмгектенип жатышат. Сары Өзөн Чүй облус болгону Сокулук районунун эли облустун жана Кыргызстандын эли менен коюн-колтук жашап жана эмгектенип келет.

Бүгүнкү майрамга катышып жаткан урматтуу өлкөбүздүн, облустар менен райондордун, жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдарынын жетекчилери, аймактардан келген меймандар, коомчулуктун, адабият менен маданияттын, илим менен искусствонун өкүлдөрү жана айыл эмгекчилери! Кут орноп, береке тунган Сокулук жергесине КУШ КЕЛИҢИЗДЕР!

90 жылдык торколуу тоюңуздар кут болсун!

Сиздерге бекем ден соолук жана майрамдык маанай каалайм!

**Аманкан КЕНЖЕБАЕВ,**
**Сокулук районунун акими.**

## Добро пожаловать на сокулукскую землю!

Дорогие сокулукчане и гости района!

Сегодня в нашем районе на территории Кунтууского аильного аймака проводятся праздничные мероприятия, посвященные 90-летию образования Чуйской области. Мы горды тем, что выбор проведения торжества выпал именно на наш район – самый крупный в области, год из года добивающийся заметных успехов в социально- экономическом, культурном развитии.

Чуйская область по праву считается житницей Кыргызстана, производящей до 40% сельскохозяйственной и промышленной продукции, и в её успехах всегда был велик вклад сокулукчан, самоотверженно трудившихся на благо Родины, беззаветно защищавших её в суровые годы войны. Имена наших пяти Героев Советского Союза и самого известного среди них Дуйшенкула Шопокова и двадцати одного Героя социалистического труда, в числе которых знаменитые не только в Кыргызстане дважды Герой соцтруда Зууракан Кайназарова и Герой соцтруда Керимбюбю Шопокова, ярко свидетельствуют о трудовой и боевой доблести сокулукчан.

Сегодняшнее поколение жителей района верно традициям и заветам предков: в районе выросла целая плеяда крестьян, фермеров, предпринимателей-тружеников, работников образования, культуры, искусства, достойно продолжающих дела своих матерей, отцов и дедов.

Во все годы существования Чуйской области сокулукчане трудились и жили плечом в плечу со всеми чуйцами и со всеми кыргызстанцами. И сегодня мы рады приветствовать на благодатной сокулукской земле уважаемых руководителей стран, областей и районов, местных сообществ, представителей всех регионов Кыргызстана, творческой интеллигенции, людей культуры и искусства и просто тружеников, чьими усилиями крепнут наши районы, области и страна!

***ДОБРО ПОЖАЛОВАТЬ!***

***Доброго Вам здоровья и радостного пребывания на сокулукской земле, дорогие гости!***

**Аманкан КЕНЖЕБАЕВ,**
**глава госадминистрации района.**

